**Н.Рахманов атындагы орто мектебинин социалдык педагогунун**

**2021-2022-окуу жылында жүргүзгөн иш-чараларынын жылдык анализи**

Окуу жылдын башында мектептин соц. педагогунун бир жылдык иш-планы бекитилип, анын негизинде иш-чаралар жүргүзүлдү.

СЕНТЯБРЬ айында 1-11-класстардын социалдык паспорту түзүлүп, социалдык контингент аныкталды. Мектепте толук жетим, соц.жетим, майып, ата-энеси чет жактагы, көп балалуу, аз камсыз үй бүлө, тарбиясы оор,тобокел тобундагы, өгөй ата, өгөй эне менен жашаган окуучулардын тизмеси такталып, аныкталды.

Мектепте тартип бузуунун алдын алуу боюнча кеңеш түзүлдү жана планы бекитилди. Өспүрүм арасында кароосуз калууну жана укук бузуулардын алдын алууга багытталган иштердин планы, суициддин алдын алуу жана балдарга карата зордук –зомбулуктун алдын алуу боюнча иштердин планы бекитилди.

ОКТЯБРЬ айында негизинен укук бузуунун алдын алуу боюнча класс жетекчилер тарабынан ар кыл темада видео сабактар даярдалып, онлайн класстык сааттар өтүлдү. Анда, “Насвай”, “Тамеки” , коркунучтуу бангизатттар жөнүндө көптөгөн маалыматтар берилди. О.э. балдардын сабакка катышуусу, жетишүүсү боюнча көзөмөл жүргүзүлүп такталды. Ар бир класс жетекчи кластын ата-энелери менен да, укук бузуунунун алдын алуу боюнча ар кыл темада онлайн сабактарды жүргүзүштү.

НОЯБРЬ айында соц. категориядагы окуучулардын үй шарты менен таанышып, актыларды түзүү иштери жүргүзүлдү. Алсак толук жетим, соц жетим, майып, ата-энеси чет жактагы, өгөй ата, өгөй эне менен жашаган балдардын үй шарты менен таанышып, үй- бүлөлүк абалы, аларды асыраган камкорчулар менен маектешүүлөр болуп, түшүнүк кат алынып, кеңештер айтылды. Толлеранттуулук, социалдык оорулар, коркунучтуу зыяндуу заттардын алдын алууга карата да, класс жетекчилер ар кыл темада онлайн класстык сааттарды өтүштү. ИДН биргелешкен суициддин алдын алуу, укук бузуулардын алдын алуу боюнча лекция уюштурулуп, видео тасмалар көрсөтүлдү.

ДЕКАБРЬ айында 1-декабрь СПИДке каршы эл аралык күнүнө карата “Өзүңдү өзүң корго” деген темада 9-11-класстар арасында жыйын өттү. О.э. майыптар күнүнө карата “Жаныңдагыларга жардам бер” аттуу темада акция болуп өттү. Өспүрүмдөрдүн арасында суициддин алдын алууга карата ар кыл темада класстык сааттар өтүлдү. Кыздар менен иш алып баруу иши каралды. “Кыздар кеңеши” 5, 9,10,11- класстардын кыздарына көптөгөн пайдалуу аңгемелерди жүргүзүштү. Алсак, “Эрте турмуш куруу”, “Кыз абийири-кымбат”, “Гигиеналык кеңештер” деген темада, кызыктуу, маанилүү маектешүүлөр жүргүзүлдү. Өзүн-өзү башкаруу уюму менен алдыдагы иштердин планы түзүлүп, алгылыктуу иш-чаралар колго алынды. Социалдык жактан муктаж болгон окуучуларды жаңы жылга карата спонсорлор тарабынан окуу куралдары, белектер менен колдоо көрсөтүү иштери уюштурулду.

ЯНВАРЬ айында 1-11-класстардын социалдык паспортун карап чыгуу, социалдык контингенттин тизмелери тактоо, кайра түзүү иштери каралды. Окуучулардын кышкы эс

алуусу уюштурулду. Спорттук оюндар, мелдештер өтүлдү. Бул айда тарбиясы оор балдар менен ИДН дин аңгемелешүүсүн уюштуруп, бир топ алдын алуу иштери жүргүзүлдү. Мектеп ичиндеги каттоодогу балдардын үйлөрүнө рейд жүргүзүлүп, ата-эне менен бирдикте баланын тартиби, мектеп менен мамилеси, мүнөзү боюнча аңгемелешүү жүргузүлдү.

ФЕВРАЛЬ айында укук бузуунун алдын алуу боюнча класс жетекчилер тарабынан көптөгөн ар кыл темада класстык сааттар өтүлдү. 6-11-класстар менен "Рэкетчиликтин кесепеттери", "Бири-бириңе зомбулук көрсөтпө" деген темаларда ИДН, мектеп администрациясы менен бирдикте аңгемелешүүлөр жүргүзүлдү. Мигранттардын балдарына карата түзүлгөн пландын негизинде ИДН, соц.кызматкер менен бирдикте, алардын жашоо шарты, камкорчу туугандары менен жолугуушулар болду. Анда балага түзүлгөн шарт, үйдөгү мамиле, камкордук каралды, сунуштар айтылды. Жүргүзүлгөн рейддин негизинде акт түзүлүп, түшүнүк каттар алынды. Ошондой эле "Өспүрүм" рейди жүргүзүлдү.

МАРТ айында тарбиясы оор окуучуларга атайын түзүлгөн күндөлүктүн негизинде, жыл ичинде сабакка катышуусусу,жетишүүсү, тартиби,мүнөзү боюнча класс жетекчилер менен бирдикте текшерүү иштери жүргүзүлдү. Ошондой эле соц. категориядагы окуучуларга ар кандай жардамдарды көрсөтүү иши каралды. Айрым спонсорлук жардамдар гана көсөтүлдү. Сабакты көп калтырган окуучулар менен түшүндүрүү, эскертүү иштери жүргүзүлдү. Суициддин алдын алуу боюнча 5-8-класстарга "Конфликтердин чечүүнүн жолдору", 9-11- класстарга "Стресстик аффект учурунда адамдын жүрүмү"деген темада класстык сааттар өтүлдү. "Кичүү окуучуларга карата укукка каршы жүргүзүлгөн иштер" деген темада ИДН кызматкери Канзаманов Арстан менен бирдикте жолугушуу иши уюштурулду. О.э. класстар арасында, класс ичиндеги абалды көзөмөлдөө максатында "Класстагы психологиялык климат" деген аталышта диагностикалоо үчүн анкета жүргүзүлдү.

АПРЕЛЬ айы " Үй-бүлөлүк зордук-зомбулукту алдын-алуу" айлыгы деп жарыялanganына байланыштуу 1-апрелден-30-апрелге чейин атайын түзүлгөн пландын негизинде төмөнкү иш-чаралар жүргүзүлдү.

Мектепте соц. педагог тарабынан түзүлгөн "Зомбулуксуз мектеп" программасынын негизинде класстык сааттар өткөрүлдү. Алгач, бул программа менен ар бир класс жетекчи класстарга тааныштыруу ишин уюштурду. Программанын негизинде 12 сабак ар кыл темада даярдалган. 1-11-класстарга сабактар бөлүштүрүлүп, өткөрүлө баштады. Алсак, "Мен кандаймын?", "Мен жана менин укуктарым", Маектешүүнү билүү, "Жок" деп айтканды билүү, "Стереотипти кантип жеңиш керек?", "Адамдын жашоосундагы конфликтер", "Конфликтер жана аларды жоюунун ыкмалары", "Зомбулук деген эмне?", "Зомбулук жана анын кесепеттери", "Бизди курчаган дүйнө" деген темада класстык сааттар өткөрүлдү.

Ар күнү " Ишеним почтасы" иштеп, мында ар бир баланын тартип бузуунун алдын алууга көмөкчү, колдоочу аракеттер жасалды.

Мектептин ИДН кызматкери менен бирдикте 8-11-класстарга укук бузуулардын алдын алуу боюнча, зордук-зомбулуктун алдын алууга карата лекция уюштурулуп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

22-23-апрелде мектептин соц. педагогу 7-11-класстарга “Зомбулуктун түрлөрү”, “Зомбулуктун факторлору”, “Зомбулуктун катышуучулары”, “Зомбулукту токтотуу жана ага карата көрсөтүлгөн чаралар” деген темада лекция, сабак өткөрдү. Бул лекция сабакта үй-бүлөдөгү зомбулуктан балдарды коргоо маселелери, көптөгөн маалыматтар, кеңештер кеңири түшүндүрүлүп, берилди.

Айлыкты жыйынтыктоодо мектеп администрациясы, соц.педагог, класс жетекчилер менен жыйын болуп, айлыктын иш-чараларынын жыйынтыгы чыгарылды, талкууланды, сунуш-пикирлер айтылды.

МАЙ айында профилактикалык кеңештин мүчөлөрү менен бекитилген пландын негизинде жүргүзүлгөн иштерге анализ жасалып, жыйынтык чыгарылды. Тарбиялык класстык сааттарга талкулоо, баалоолор болду. соц.категориядагы билимин көзөмөлдөө жана жыл ичиндеги кыймылын аныктоо иштери жүргүзүлдү. О.э.социалдык жактан муктаж болгон окуучулардын укуктарын коргоо, жайкы эс алуулары, жумуш орундарын таап берүү иштери колго алынды.

2021-2022- окуу жылындагы иштерди анализдөө жана жаңы окуу жылына пландары иштеп чыгуу иштери колго алынды.

Бул жогорудагы айлык иштердин аткарылышынан тышкары ар аптанын шаршемби күнү айыл өкмөтү, андагы соц.кызматкер, айыл өкмөткө караштуу үч мектептин соц.педагогдор, айыл өкмөткө караштуу соц. комиссиялары биргелешип, жүргүзгөн иштер болуп турду. Мында мектептер ичиндеги көйгөйлүү маселелери, соц. категориядагы муктаж болгон окуучулар менен жүргүзүлгөн иш-чаралардын проблемалары каралып, бирдиктүү чечим кабыл алынып, бир топ алгылыктуу иштер аткарылды.

Мындан тышкары ар бир айда туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок окуучулардын ата-энелери менен да иштер жүргүзүлүп турду. Натыйжада быйылкы окуу жылында 1 окуучу каттоодо турат.

Тарбиясы оор, мектеп ичинде каттоодо турган окуучуларга көзөмөл дептери ачылып, күндөлүк түзүлгөн. Мында ар бир айда окуучунун сабакка катышуусу, жетишүүсү, күнүмдүк тартиби, мүнөзү каралып, текшерүүдө болду. Бул окуучуларга түзүлгөн пландын негизинде иштер жүргүзүлдү жана ата-энелери менен ар кайсы маселелер талкууланып турду. Ата-энеси чет жактагы, өгөй ата, өгөй эне менен жашаган окуучулардын үйлөрүнө да рейд жүргүзүлүп, ата-энелер менен ар кайсы маселелер талкууланып турду.

Окуу жылынын аягы менен жылдын жыйынтыгы чыгарылып, кийинки 2021-2022-окуу жылына милдеттенмелер кабыл алынды:

1. Соц. контингентеги окуучулар менен иш алып барууну улантуу.
2. Кылмыштуулуктун алдын алуу жана окуучулар менен профилактикалык иш-чараларды күчөтүү;
3. Окуучуларга тарбия берүүдө ата-энелер, коомчулуктар менен бирдикте тыгыз байланыш түзүү;
4. Окуучуларды нравалык маданиятка, кыргыз элинини салттарын пайдаланып тарбия берүүгө  жетишүү.

Мектеп директору: _________ Мамырканова Г.К.

Соц. педагог: _________ Джаманкулова С.А.